**“Кыргыз Республикасынын сот арачыларынын ишмердүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбooруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максат жана милдети**

Аталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы № 26 “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

**2. Баяндоочу бөлүгү**

Масштабдуу инвентаризация жүргүзүүнүн жол-жобосун ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-мартындагы №55-б буйругу менен ведомстволор аралык эксперттик топ түзүлүп, анын курамына мыйзамдардын тармактары боюнча эксперттик топтор кирген.

Мыйзамдарга талдоо жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2021-жылдын 15-апрелиндеги №57-буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоо Методологиясынын негизинде жүргүзүлгөн.

Ошентип, мыйзамдардын критерийлерине ылайык келүүсүн талдоонун жыйынтыгы боюнча “Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (мындан ары – Мыйзам) өзгөртүү киргизүүнү талап кылган мыйзамдардын тизмесине киргизилген.

Буга байланыштуу “Кыргыз Республикасынын сот арачыларынын ишмердүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору (мындан ары – мыйзам долбоору) даярдалды.

Мыйзам долбоорунун максаты – сот адилеттигин ишке ашырууга катышууга ар бир адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана жазык иштерин сот арачыларынын катышуусунда кароону талап кылуу укуктарын ишке ашыруу, ошондой эле жаңы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү болуп саналат.

Аталган мыйзам долбоору менен сот арачыларынын катышуусунда карала турган кылмыштардын тизмесин санкциясында өмүр бою эркинен ажыратуу сыяктуу жазанын түрүн камтыган кылмыштар (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 154-беренесинин 4-бөлүгү, 155-беренесинин 4-бөлүгү, 252-беренесинин 3-бөлүктөрү) менен толуктоо сунушталат. Анткени, КР КЖПК 46-беренесинин 1-бөлүгүнүн 16-пунктуна ылайык, эгерде айыпталуучу өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган кылмышты жасаганына айыпталып жатса, анын кылмыш ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндө өтүнүч берүүгө укугу бар.

Ушуга байланыштуу сот арачыларынын катышуусунда карала турган кылмыштардын тизмесин жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы, ошондой эле коомдук коопсуздукка каршы, адамдын укуктарына жана эркиндигине шек келтирген, санкциясында өмүр бою эркинен ажыратуу сыяктуу жазанын түрүн камтыган кылмыштар менен толуктоо сунушталууда.

Мындан тышкары кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамга сот арачылар коллегиясынын санын өзгөртүү боюнча өзгөртүүлөр киргизилип, сот арачылар коллегиясынын курамын 9-дан 7-ге өзгөртүү сунушталууда.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, аймактарда калктын жыштыгы кескин айырмаланып турат, мисалы, Жалал-Абад

облусунда туруктуу калкынын саны 2021-жылга карата 1 260,6 миң адамды түзсө, ошол эле жылдын ичинде Талас облусунда – 271 миң адам, бул дээрлик 4 эсеге аз.

Сот арачыларынын ишинин өзгөчөлүгүн жана калктын санынын айырмасын эске алуу менен сот арачылар коллегиясынын курамын кыскартуу керек.

Мыйзамдын жоболорун жаңы кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык келтирүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин юридикалык күчүн жоготкондугуна байланыштуу Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине айрым ченемдерди мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген ченемдик укуктук актыларга ылайык келтирүү жагынан өзгөртүүлөр киргизилет.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекси 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүн жоготту деп таанылгандыктан, Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча “административдик” деген сөздөрдү алып салуу сунушталууда.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси “Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө беренелерди камтыбагандыгына байланыштуу долбоор менен жогорудагы Кодекстин 49-главасы 442-1 жана 442-2-беренелер менен толуктоо жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 492-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 442-1 жана 442-2-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди кароону камсыз кылуу сунушталат.

КР КЖПК “Адамдардын айрым категорияларына карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү” 56-главасында сот арачылары кылмыш иштери боюнча өндүрүштүн өзгөчө тартиби колдонулган адамдардын категориясына кирбегендиктен, Мыйзамдын 4-беренесинин 3-бөлүгү алынып салууга жана КР КЖПК 9-главасына ылайык сот арачыларын мамлекеттик коргоо жөнүндө жобону камтыган 3-1-бөлүк менен толукталууга жатат.

Сот тармагына тийиштүү жаңы ченемдик укуктук актыларга ылайык, жергиликтүү соттордун жана соттордун өз алдынча башкаруу органдарынын ишин уюштурууну, материалдык-техникалык жана башка жагынан камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти” деп аталат, анын натыйжасында Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча мамлекеттик органдын аталышын кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга ылайык келтирүү зарыл.

Каралып жаткан Мыйзамдын 7-беренесинин 1-бөлүгүндө “алып салынбаган соттуулугу” деген түшүнүктү алып салуу сунушталууда, анткени Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Кылмыш-жаза кодексинде “соттуулуктун алып салуу” институту каралбаган.

КР КЖПК 272-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык биринчи инстанциядагы сот катары сот арачыларынын катышуусу менен иштерди кароого Бишкек шаардык сотуна жана областтык сотторго ыйгарым укук берилген, Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча, “райондор аралык” деген сөздөрдү Бишкек шаардык сотуна же тийиштүү областтык сотко алмаштыруу сунушталат.

Мыйзамдын 8-беренесине сунушталган өзгөртүүлөр анын жоболорун “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык келтирүү максатында киргизилди.

Мындан тышкары, тизмени түзүүдө адам факторун минималдаштыруу максатында Мыйзамдын 8-беренесинин 3-бөлүгүнө маалыматтык автоматташтырылган тутумдун жардамы менен сот арачыларына талапкерлердин тизмесин түзүү эрежелерин киргизүү сунушталууда.

Ошондой эле, жогоруда айтылган калктын саны боюнча айырманы эске алуу менен алдын ала тизмеге кирген жарандардын санын 100-дөн 50-гө чейин кыскартуу сунушталат.

Мыйзамдын 13-беренесинде сот арачылары жөнүндө мыйзамынын бузгандык үчүн жоопкерчилик каралгандыктан, Мыйзамдын 8-беренесинде жарандарды сотко келбегендиги үчүн жоопкерчиликке тартуу жөнүндө жобону алып салуу сунушталган.

Мыйзамдын 8 жана 9-беренелеринде соттун администраторунун ишине карата сунушталган өзгөртүүлөр соттун администраторуна тийиштүү ыйгарым укуктарды берүүнүн максатка ылайыктуулугунан жана ал үчүн адаттан тыш болгон мындай ыйгарым укуктарды соттун төрагасынан алып салуудан келип чыгат.

Белгилей кетсек, соттун администраторунун сот арачыларынын тизмесин түзүү боюнча ишин уюштурууну жана контролдук кылуу тийиштүү соттун төрагасына жүктөлөт.

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына сунушталып жаткан өзгөртүүлөр «Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартиптерден келип чыгат, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү сот арачыларына талапкерлердин тизмесин түзүүгө түздөн-түз катышат. Белгиленген милдеттерди аткарууда кыйынчылыктарды жаратпагандыгы үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын ыйгарым укуктарын алардын ишин жөнгө салуучу Мыйзамда кароо зарыл.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Мыйзам долбоорун кабыл алуу эч кандай социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык же коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

Бул Мыйзам долбоору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык коомдук талкуулоо максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына 2022-жылдын ________________ жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзам ченемдерге жана белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүүнү өткөрүү үчүн соттордун тийиштүү имараттарын даярдоого, сот арачылары сот адилеттигин жүргүзүү боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу учурунда сыйлык акы төлөөгө, соттордун администраторлорунун эмгек акысына, сот арачыларынын иш сапарынын чыгымдарынын ордун толтуруу үчүн, судьяларды жана Кыргыз Республикасынын сотторунун аппаратынын кызматкерлерин тийиштүү окуудан өткөрүү үчүн республикалык бюджеттен кошумча каржылоону талап кылат.

Сот арачылары институтун ишке ашыруу үчүн 348 460,4 миң сом суммасында финансылык каражаттар талап кылынат:

- 1 650,0 миң сом – "Сот администраторунун" эмгек акысына;
- 180 975,4 миң сом – сот арачыларын сыйлык акысына;

- 10 500,0 миң сом – сот арачыларынын иш сапарынын чыгымдарынын ордун толтурууга;

- 155 335,0 миң сом – жаңы имарат курууга же соттун имаратын кеңейтүүгө.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **З.Базарбеков**